**Демократиялык институттар жана адам укуктуры боюнча ЕККУнун бюросу**
**Шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү миссиясы**
**Кыргыз Республикасынын Президентин мөөнөтүнөн мурда шайлоо**
**10-январь, 2021-жыл**

**АРАЛЫК ОТЧЕТ**

**9 – 20 –декабрь, 2020-жыл**

**23- декабрь, 2020-жыл**

# I. КЫСКАЧА БАЯНДАМА

- 2021-жылдын 10-январында Кыргызстанда мөөнөтүнөн мурда өтүүчү президенттик шайлоо жана башкаруу формасын аныктоо боюнча референдум өтөт. Президент алты жылдык мөөнөткө тең жана түз шайлоо укугунун негизинде бир гана жолу шайлант. Эгерде биринчи турдун жыйынтыгы боюнча президенттик кызматка талапкерлердин бири да добуш берүүчүлөрдүн добушунун жарымынан көбүн топтой албаса, 20 күндүн ичинде эң көп добуш алган эки талапкердин ортосунда экинчи тур өткөрүлөт.

- Шайлоо 4-октябрда болуп өткөн шайлоодон кийин пайда болгон саясий кырдаалдын фонунда өтөт. Шайлоо жана Референдум өткөрүү боюнча борбордук комиссия добуш берүүнүн жыйынтыгын ири масштабда өткөн наразычылыктарды эске алуу менен жокко чыгарды. Натыйжада, Президент Сооронбай Жээнбеков кызматынан кетип, парламенттин мурдагы мүчөсү Садыр Жапаров, ободу премьер-министрдин жана президенттин милдетин аткаруучу болуп, андан кийин кызматтан кетүү арызынын негизинде жумуштан бошоп, учурдагы шайлоого талапкер катары катышууда. Референдумду өткөрүү маселеси боюнча Жогорку Соттун Конституциялык палатасына арыз келип түшкөн.

- Акыркы болуп өткөн президенттик шайлоодон кийин шайлоо мыйзамдарына бир нече жолу өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Акыркы өзгөртүүлөр жана толуктоолордун катарына президенттикке талапкерлердин шайлоо күрөөсүн кайтарып берүү босогосун төмөндөтүү, үгүт иштерине ыктыярчылардын катышуусуна жол берүү жана добуш берүүчүлөрдүн өлкө ичиндеги шайлоо даректерин өзгөртүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгаруу кирди. Бийликтен кетип жаткан Жогорку Кеңеш кайталап шайлоону өткөрүү жөнүндөгү жобону токтото турган мыйзам кабыл алып, ал кайрадан президенттик шайлоону өткөрүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарды.

- Учурда шайлоо комиссиялары түзүлүп, алдыда боло турган кезексиз шайлоого даярдыкты кыскартылган мөөнөттө алып барышууда. Мындай шарттарда COVID-19 пандемиясынын таассири жана ошол эле мезгилде референдум өткөрүү иштери кошумча кыйынчылыктарды жаратышы мүмкүн. БШК президенттикке 18 талапкерди, анын ичинде бир аял талапкерди каттады. Жалпысынан БШКга 65 арыз келип түшкөн, анын ичинен 19 талапкер өз талапкерлигин алып салган болсо, 28 талапкер мыйзамдын шарттарын аткарбагандыгы үчүн шайлоого катышуудан четтетилген.

- Добуш берүүчүлөрдүн алдын ала такталган тизмесине 3,5 миллиондой добуш берүүчү кирди. Ошол эле учурда, 450 000ге жакын жаран биометрикалык каттоодон өтө элек болгондуктан добуш берүү укугунан ажырап калды. Добуш берүүчүлөрдүн тизмеси коомдук байкоо салууга жеткиликтүү жана добуш берүүчүлөр өздөрү оңдоп түзөтүүлөрдү

киргизүүгө мүмкүнчүлүгү бар. Добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү өтүнүчүнүн алынып салынышы айрым добуш берүүчүлөрдүн тобуна терс таасирин тийгизиши мүмкүн.

- Президенттик үгүттү өткөрүүнүн мөөнөтү 15-декабрда башталды. Көпчүлүк учурларда президенттике талапкер Садыр Жапаровдун жарнак такталары илингиндиги менен, негизинен алганда, үгүт иштери чектелген түрдө, ал эми ири шаарларда бир нече талапкерлердин айрымдары гана жолугушууларды өткөргөндүгү байкалып турду. Отчеттук мезгилде БШК тарабынан референдумду өткөрүүнү колдогон расмий демилгелүү топтор катталган жок.

- Президенттикке талапкерлер атайын банк эсебин ачышы шарт, себеби атайын ачылган эсеп аркылуу шайлоого байланыштуу болгон бардык чыгымдар сарпталышы керек. Мамлекет тарабынан түздөн-түз каржылоо шарттары каралган эмес. Үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлүп, БШК үгүт иштеринин кирешелери жана чыгашалары жөнүндөгү маалыматты өзүнүн расмий сайтына жарыялап турат. БШКнын маалыматы боюнча, Жапаров мырзанын эсебине 47 миллион сом, ал эми президенттике талапкер Бабыржан Толбаевдин эсебине тогуз миллион сомдон ашык каражат келип түшкөн.
- Конституцияда сөз жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет жана жалаа жабуу үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартууга тыюу салынат. Бирок, жалган жалаа жабуу үчүн чектердин жоктугу өзүн-өзү цензуралоого алып келүүдө. Жакында эле журналисттерге каршы болгон физикалык жана оозеки чабуулдар көйгөй бойдон калууда. Шайлоого байланыштуу иш-чараларды чагылдыруу үчүн ЖМКлар БШКдан аккредитациядан өтүүсү шарт, бирок шайлоо жөнүндө мыйзамдар бузулган кезде акрредитация жокко чыгарылышы мүмкүн экендигин дагы эске алуу керек. Үгүт иштери боюнча жарнамалык маанидеги терс роликтерге тыюу салынса, бир катар ЖМКлар редакциялык материалдарды акы төлөнүүчү саясий жарнама катары сунуштап жатышат.

- 20-декабрга карата БШКга 20дай арыз, алардын көпчүлүгү эрте үгүт жүргүзүү жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу боюнча келип түштү. Арыздар боюнча чечимдер БШКнын сайтына өз убагында жарыяланган жок. БШКнын үч чечими боюнча даттануулар болуп, сот ал чечимдерди күчүндө калтырган.

## II. КИРИШҮҮ

Кыргыз Республикасынын бийлик органдары тарабынан 10-январда өтө турган кезексиз президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн жөнөтүлгөн чакырууну кабыл алып, ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укутары боюнча Бюросу (ДИАУБ) 2020-жылдын 9-декабрынан тартып ДИАУБдун шайлоого чектелген байкоо жүргүзүү миссиясы (ШЧБМ) өз ишин баштады.[1] Тамаш Месерич баштаган миссия, Бишкек шаарында иш алып барган 13 экспертти камтыган негизги курамдан, жана 22 узак мөөнөттүү байкоочудан турат. Бул негизги жана узак мөөнөтүү байкоочулардан куралган топтор 15-декабрдан баштап Кыргызстандын бардык жети аймагында жана Бишкек менен Ош шаарларында иш алып барат. ДИАУБ ШЧБМдин курамы 18 ЕККУга мүчө болгон мамлекеттен келген байкоочулардан турат.

[1] ЕККУ/ДИАУБдун Кыргыз Республикасы боюнча мурунку отчетторун төмөнкү шилтеме аркылуу караңыз. ШЧБМ үчүн стандарттуу методологияга ылайык, миссия шайлоо күнүндөгү процесстерге ар тараптуу же систематикалык байкоо жүргүзбөйт.

# III. КЫСКАЧА МААЛЫМАТ

2021-жылдын 10-январында өтүүчү кезексиз президенттик шайлоо 2020-жылдын 4-октябрындагы парламенттик шайлоодон кийин пайда болгон саясий кырдаалдын фонунда өткөрүлөт. Добуш берүүнүн алдын-ала жыйынтыктарын жарыялоо, жаңы парламентте президентти колдогон партиялар басымдуулук кылат деп, ири масштабдагы нааразычылык акциялар уюштурулуп, шайлоонун жыйынтыктары бурмаланды деп, аны жокко чыгару талаптары орун алды.

Нааразычылыктар күчөп, зомбулукка айланган соң, БШК 6-октябрда добуш берүүнүн жыйынтыктарын жокко чыгарды. Андан кийин белгисиздик мезгили келип, парламенттин мурунку мүчөсү (ПМ) Садыр Жапаров,[2] премьер-министрдин кызмат ордун талап кылып, андан кийин мөөнөтү бүтүп жаткан парламент аркылуу өз ыйгарым укуктарын тастыктап, бул кызматка дайындалды.[3] Президент Жээнбеков кызматтан кетээри тууралуу15-октябрда коомчулукка жарыялады. Президенттик мураскердин кезеги Жогорку Кеңештин төрагасы Канат Исаевке келгенде, ал кызматка киришүүдөн баш тартты.[4] Ошондуктан, президенттин милдетин аткаруучу, конституцияга ылайык, премьер-министрдин милдетин аткаруучу Жапаровго өтүп, ал эки кызматты бирдей аркалады.

Жапаров мырза Кыргызстандын кеңири саясий чөйрөсүнүн өкүлдөрүн камтыган убактылуу өкмөттү түзүп, кезексиз президенттик шайлоосун 2021-жылдын 10-январына белгиледи. 14-ноябрда Жапаров мырза президенттикке талапкер болуу максатында бардык кызматтардан кетти. Парламенттин жаңы спикери Талант Мамытов президенттин милдетин аткаруучу болуп дайындалды.[5]

Ошол эле мезгилде парламент, Жапаров мырзанын колдоосу менен, Конституциянын жаңы долбоорун сунуштады. Жаңы долбоор Кыргыз Республикасынын президентинин ыйгарым укуктарын бир кыйла кеңейткен өзгөртүүлөрдү камтыйт. Өлкө боюнча конституциялык референдумду 17-ноябрда өткөрүү жарыяланган. Бирок, бул сунуш Кыргызстандын жарандык коомунун нааразычылыгын жана эл аралык коомчулуктун тынчсыздануусун жаратты.[6] Жыйынтыгында, Конституцияны өзгөртүү үчүн референдум өткөрүү боюнча мыйзам долбоору башкаруу формасын аныктоо боюнча референдумга өзгөртүлүп, жарандарга президенттик же парламенттик башкарууну - же үчүнчү “баарына каршы” вариантты тандап алуу сунушталды. Бул референдум дагы 2021-жылдын 10-январында өтөт.[7]

---

2 Жапаров мырза ал учурда абакта өз жазасын өтөп жаткан, бирок 5-октябрда анын тарапташтары ал отурган абакка кол салышып, бошотуп алышкан.

3 *Шайлоо системасы жана укуктук негиздер* бөлүгүн караңыз.

4 Канат Исаев алдыда боло турган шайлоодо президенттике талапкер.

5 Конституцияга ылайык, премьер-министрлик жана президенттик кызмат ордун ээлегендер, талапкерлер катары шайлоого катыша албайт.

6 Кооптонуулар олуттуу болуп, процедуралык мүнөздө болууда: конституциянын долбоору парламенттин күчүнүн алсыздашы менен коштолгон президенттик бийликти жана жаңы типтеги улуттук ассамблеянын (“Курултай”) түптөлүшүн күчөткөн сунуш катары киргизилген. Процедуралык жактан өз ыйгарым укуктарын кеңейткен, мөөнөтү бүтүп, кетип бара жаткан парламенттин мындай кеңири өзгөртүүлөрдү киргизип жаткандыгы, Кыргыз Республикасынын Жогорку сотунун Конституциялык палатасы сыяктуу эле, Венеция Комиссиясы тарабынан да көйгөйлүү деп табылды.

7 БШКнын 2020-жылдын 15-декабрындагы чакыруусуна жооп катары, ДИАУБ ШЧБМдин форматына мүмкүн болушунча жана колдо болгон ресурстар менен референдумга байкоо жүргүзөт.

## IV. ШАЙЛОО СИСТЕМАСЫ ЖАНА УКУКТУК НЕГИЗДЕР

Конституцияга ылайык, президент алты жылдык мөөнөткө тең жана тике шайлоо укугунун негизинде бир гана жолу шайлант. Эгерде биринчи турдун жыйынтыгы боюнча талапкерлердин бири дагы добуш берүүчүлөрдүн добушунун жарымынан көбүн топтой албаса, биринчи турдун жыйынтыгы жарыялангандан күндөн баштап 20 күндүн ичинде, эң көп добуш алган эки талапкердин ортосунда экинчи тур өткөрүлөт.[8] Эки тур үчүн тең добуш берүүчүлөрдүн саны боюнча эч кандай талаптар көрсөтүлгөн эмес.

Парламенттик шайлоо негизинен 2010-жылы кабыл алынган Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2011-жылдагы Шайлоо жөнүндө мыйзам жана Кыргыз Республикасынын шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзамы (Шайлоо комиссиялары жөнүндөгү мыйзам) жана башка мыйзамдары аркылуу жөнгө салынат.[9] БШКнын өзүнүн компетенциясынын алкагында жана шайлоо мыйзамдарынын негизинде шайлоо процессинин ар кандай аспектилерин жөнгө салуу үчүн ченемдик-укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укугу бар. Кыргызстан демократиялык шайлоолорду өткөрүүдө колдонулуучу негизги эл аралык келишимдердин катышуучусу.[10]

Акыркы президенттик шайлоодон кийин шайлоо жөнүндөгү мыйзамдарга бир нече өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилген. Эң негизги өзгөртүүлөрдүн катарына 2017 жана 2019-жылдардагы өзгөртүүлөр жана толуктоолор, мисалы, шайлоого байланыштуу административдик ресурстарды ашыкча колдонуунун аныктамасы жана ага карата санкциялар кирген. Андан сырткары, ден-соолугуна байланыштуу мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөрдүн катышуусун камсыздоо, онлайн маалымат каражаттарында үгүт иштерин жүргүзүү, байкоочулардын укуктары, даттанууларды кароо жана добуш сатып алуу үчүн колдонула турган жоопкерчиликтер каралган.

2020-жылдын октябрь айында болуп өткөн парламенттик шайлоолордун жыйынтыгынан улам мыйзамга өзгөрүүлөр жана толуктоолор киргизилип, ага ылайык, кайталап шайлоолорду өткөрүү ченемдеринин колдонулушун токтото туруу каралган. Натыйжасында, парламенттик шайлоолорду 1-июндан кечиктирбей кайрадан өткөрүү, президенттик шайлоону кайталап өткөрүү мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган жоболору каралган. Бул мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Сотунун Конституциялык палатасы тарабынан каралып чыгып, мыйзамдуу деп табылган.[11] 2020-жылдын ноябрь айында жаңы өзгөртүүлөр киргизилип, анын натыйжасында шайлоого карата добуш берүү даректерин убактылуу алмаштыруу мүмкүнчүлүгү өлкө ичинде жашагандар үчүн алынып салынган жана шайлоо күрөөсүн кайтарууга болгон чектөөлөр беш пайыздан бир пайызга түшүрүлгөн, о.э. үгүт иштерине ыктыярчыларды тартуу шарттары каралган.

---

8 Шайлоо өткөн күндүн эртеси күнүнөн баштап 20 күн ичинде БШК шайлоонун расмий жыйынтыктарын чыгарат

9 Саясий партиялар жөнүндө мыйзам, Тынч чогулуштар жөнүндө мыйзам, Кылмыш жазакодекси, Жоруктар жөнүндө кодекс жана Бузуулар жөнүндө кодекс кирет.

10 Алардын катарына Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт, Расалык басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция, Аялдарга карата басмырлоонун бардык түрлөрүн жоюу жөнүндө конвенция жана Майыптардын укуктары жөнүндө конвенция кирет.

11 Ошол эле учурда, Конституциялык палата шайлоону кайрадан өткөрүү аралыгы узак экендигин сынга алып, сегиз ай “ашкере чапкандык жана объективдүү жагдайлар боюнча негизсиз” деп билдирди.

10-декабрда Жогорку Кенеш, башкаруу формасын аныктоо үчүн референдумду өткөрүү боюнча чечимди экинчи жана үчүнчү окууда кабыл алды.[12] Бир нече кызыкдар тараптар, алардын ичинде бир катар өкмөттүк эмес уюмдар (ӨЭУ) жана президенттике талапкерлер мындай аракеттерде мыйзам чыгаруу процедуралары сакталбагандыгын, о.э. коомдук талкууларды өткөрүүгө кыска мөөнөт берилгендиги тууралуу нааразычылыгын билдиришти.[13] Ага кошумча, референдумду жана мөөнөтүнөн мурда президенттик шайлоону бир эле мезгилде өткөрүү, ошондой эле мөөнөтү бүткөн парламенттин конституциялык реформага байланыштуу суроолорду көтөрүү боюнча легитимдүүлүгүнүн жоктугу боюнча маселелер көтөрүлдү.[14] “Конституциялык саясат институту” бейөкмөт уюму Конституциялык палатага референдумду дайындоого каршы арыз менен кайрылды.

Референдумду өткөрүү, башкача айтканда, референдумду өткөрүү мөөнөттөрү жана референдум өнөктүктөрүнүн эрежелери Кыргыз Республикасынын референдуму жөнүндөгү конституциялык мыйзам аркылуу жөнгө салынат. Эгерде референдумдун катышуучуларынын тизмесине киргизилген референдумдун катышуучуларынын 30 пайызынан көбү добуш берүүгө катышса, БШК референдумду болуп өттү деп тааныйт. БШК добуш берилген күндөн тартып 35 календардык күндөн кечиктирбестен референдумдун натыйжаларын аныктайт.

## V. ШАЙЛООНУ УЮШТУРУУ

Учурдагы кезексиз президенттик шайлоону БШК, 54 аймактык шайлоо комиссиясы (АШК) жана 2428 участкалык шайлоо комиссиялары (УШК) уюштурат. Шайлоо комиссиясынын мүчөлөрү беш жылдык мөөнөткө дайындалат.[15]

БШК шайлоону жана референдумду уюштурууга жоопту туруктуу орган. БШК Жогорку Кеңеш дайындаган 12 мүчөдөн турат. Президент, парламенттик көпчүлүк жана оппозициядан турган топтун ар бири БШКнын төрттөн мүчөсүн көрсөтөт. Гендердик квотанын талаптарын аткарууга берилген 30 пайыздык квотаны сактоо менен биргеликте, БШКнын төрт мүчөсү жана анын төрайымы аял кишилерден куралат. БШК мүчөлөрүнүн көпчүлүгү 2016-жылдын июнь айында шайланган болсо, алардын экөөсү жакында алмаштырылды.[16] АШКлар жана УШКлар 2020-жылдын январь айында түзүлүп, алардын курамы саясий партиялардан жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлгөн талапкерлердин негизинде түзүлгөн. АШКнын мүчөлөрүнүн дээрлик жарымы аялдар.

БШК өз сессияларын ачык, үзгүлтүксүз жана түз ободо, онлайн режиминде өткөрүп турду. COVID-19 пандемиясын эске алуу менен, БШКнын сессияларды өткөрүү процедураларына

---

12 Биринчи окуу 9-декабрда өткөрүлдү; мыйзам 11-декабрда мыйзамдуу күчүнө кирди.

13 Жогорку Кеңештин Регламенти талап кылгандай, окуулардын аралыгында кеминде он күндүк тыныгуу болушу шарт, Жогорку Кеңештин депутаттары парламенттин сессияларында кароого сунушталган мыйзам долбоорлорун алдын-ала, үч күндөн кем эмес убакытта алышат.

14 Венеция комиссиясынын конституциялык реформага негизделген шайлоону кийинкиге жылдырууга байланыштуу шашылыш билдирүүсүндө: «парламенттин мыйзам чыгаруу мөөнөтү аяктагандан кийинки ыйгарым укуктары катарында кээ бир жөнөкөй функцияларды гана аткарууга уруксат берилет, ал эми адаттан сырткары, конституциялык реформаларды бекитүү сыяктуу иш-аракеттерге жол берилбейт”. Конституциялык палата ошондой эле парламенттин ишинин мөөнөтү узартылган учурда “акылга сыярлык чектөө принцибин колдонуу керек” деп эсептеди.

15 Өлкөдөн сырткары добуш берүү Кыргыз Республикасынын элчиликтеринде жана консулдуктарында жайгашкан 48 УШКларда жүргүзүлөт.

16 БШКнын бир мүчөсү 2020-жылдагы парламенттик шайлоого талапкерлигин койгонуна байланыштуу сентябрь айында кызматтан кетсе, экинчи мүчөсү октябрь айында БШКны мыйзам бузууларга жана алдамчылык маселелерине жооп бербей жатат деп катуу сынга алып, кызматынан кеткен.

өзгөртүүлөр киргизилип, БШКнын мүчөлөрү үчүн сессияларга аралыктан катышууга мүмкүнчүлүк түзүлдү. Сессиялар башталарга бир аз убакыт калганда БШКнын сайтында жарыялангандыктан, сессияга катышууга бардык катышуучуларга жетиштүү убакыт берилбей калууда.

Алдыдагы боло турган шайлоо кыскартылган мөөнөттө жана жакында жарыяланган референдум менен биргеликте өткөрүлгөндүгүнөн улам, ДИАУБ ШЧБМдин маектештеринин айтымында, мындай шарттарда шайлоо процессин даярдоо жана өткөрүү үчүн кошумча кыйынчылыктар жаралышы мүмкүн.[17] Коомчулуктун жана кызыкдар тараптардын шайлоо процессине болгон ишенимин арттыруу максатында шайлоо комиссиялары укук коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн үгүт өнөктүгүнө байланыштуу мыйзам бузууларды, атап айтканда добуштарды сатып алуу жана административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу фактыларын иликтөө боюнча атайын тренингдерди өткөрүп жатышат. БШК талапкерлердин өкүлдөрү үчүн үгүт өнөктүгү жана каржылык отчетторду берүү боюнча тренингдерди уюштурууда.

БШКнын маалыматы боюнча, шайлоо участкаларынын 76 пайыйызында кыймыл аракети чектелген добуш берүүчүлөр үчүн пандустар орнотулган. БШК ошондой эле көрүү жана угуу жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген добуш берүүчүлөр үчүн билим берүүчү материалдарды иштеп чыгып, аларга жардамчы шаймандарды, анын ичинде брайль шрифитинде жасалган бюллетендерин даярдайт.

COVID-19 пандемиясы кучөп турган кезде, БШК жана Саламаттыкты сактоо министрлиги биргеликте оорунун жайылышын алдын алуу максатында, добуш берүү процедураларына, өзгөчө добуш берүүчү жайлардагы социалдык аралыкты сактоого, добуш берүүчүлөр жана шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүн атайын коргонуучу каражаттар менен камсыз кылууга байланышкан конкреттүү чараларды иштеп чыкты. Тийиштүү маалыматтар бардык шайлоо участкаларында илинип туруу үчүн даярдалууда.

## VI. ДОБУШ БЕРҮҮЧҮЛӨРДҮ КАТТОО

Добуш берүү укугу шайлоо күнүнө карата 18 жашка толгон, бирок жасаган кылымышынын оордугуна карабастан эркинен ажырытылган жана соттун чечими аркылуу укугу чектелгендерден сырткары бардык кыргыз жарандарына берилет.

Шайлоочуларды каттоо системасы пассивдүү формада жүргүзүлөт жана шайлоочулардын тизмеси калкты бирдиктүү каттоо реестринен (КБКР) алынып, Мамлекеттик каттоо кызматы (МКК) тарабынан көзөмөлдөнөт.[18] Шайлоочулардын тизмесине кирүү үчүн бардык жарандар милдеттүү түрдө биометрикалык каттоодон өтүшү керек. МККнын берген маалыматы боюнча, 450 000ке жакын, көпчүлүгү чет жактарда жашаган жарандар азыркы убакытка чейин биометрикалык каттоодон өтө элек жана ошол себептен улам шайлоо укугу чектелген бойдон калууда.

16-декабрга карата шайлоочулардын алдын ала тизмелерине 3 552 600 шайлоочу кирген жана алардын 52 пайызын аялдар түзөт. 29-декабрга чейин коомдук көзөмөл жүргүзүлүп, добуш берүүчүлөр өз маалыматтарын текшерип, ондоолорду жана түзөтүүлөрдү УШКларга же мамлекеттик веб-портал аркылуу бере алышат. Добуштарды сатып алуу жолдорун алдын алуу

---

17 Шайлоо жөнүндөгү мыйзамдын 48.2-беренеси боюнча мөөнөтүнөн мурда өтүүчү шайлоонун мөөнөтү төрттөн бирге кыскартылат.

18 МКК манжа издеринин, фотосүрөттөрдүн, кол тамгалардын жана жеке маалыматтардын базасын сактайт.

максатында киргизилген түзөтүүлөрдөн кийин, добуш берүү дарегин убактылуу өзгөртүү боюнча арызын өлкөдөн сыртта жашаган жарандар гана бере алат.[19] Бул боюнча БШК мындай шарттарда шайлоо комиссияларынын мүчөлөрү жана шайлоо күнү нөөмөттө турган милиция кызматкерлери жана ошондой эле катталган дареги башка жерде, бирок чыныгы жашаган жери башка жерде болгон добуш берүүчүлөр үчүн терс таасирин тийгизиши ыктымал деген оюн ДИАУБ ШЧБМ менен бөлүштү.

## VII. ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КАТТОО

Кыргыз Республикасынын президентинин кызматына жашы 35тен 70ке чейинки, өлкөнүн ичинде 15 жылдан ашык жана туруктуу жашаган, мамлекеттик тилде эркин сүйлөгөн кыргыз жараны талапкер болуп каттулууга укуктуу. Кылмыш жазасын акырына чейин өтөп бүтпөгөн же мыйзамга ылайык аны жойо элек жарандардын каттоодон өтүүсүнө тыюу салат.[20] Башка өлкөнүн жарандыгы бар кыргыз жарандарына дагы шайлоого катышууга болбойт. Саясий партиялар же болбосо өзүн-өзү көрсөткөн жарандар талапкер боло алат. Шайлоого катышып жаткан ар бир талапкер жок дегенде 30,000 добуш берүүчүнүн кол тамгаларын топтоого, шайлоо өнөктүгүн каржылоо үчүн өз шайлоо фондун түзүүгө жана бир миллион (болжол менен 10 000 евро) шайлоо күрөөсүн төлөөгө, милдеттендирилет.[21]

Жалпысынан 65 киши КР президентинин кызматына талапкерлигин коюу тууралуу арызын берген.[22] Булардын арасынан, жыйырма талапкер гана талап кылынган документтерди, белгиленген мөөнөттө тапшырды.[23] Бир нече талапкерлер кол тамгаларды топтоодогу убакыттын тардыгына байланышкан нараазычылыктарды БШКга билдиргени менен, тескерисинче, БШК тарабынан процедуралык талаптар менен ого бетер кыскартылган.

БШКнын жумушчу тобу топтолгон кол тамгаларды толугу менен карап чыгып, эки талапкердин кол тамгаларынын саны жетишсиз болгондуктан, талапкерлигин каттоодон баш тартты.[24] Текшерүү процесси талапкерлердин өкүлдөрү жана байкоочулар үчүн ачык өттү. 12-декабрда БШК өзүн-өзү көрсөткөн 18 талапкерди каттагандыгы тууралуу кабарлады, алардын арасында 1 аял талапкер бар. Талапкерлер өзүнүн талапкерлигин шайлоого эки күн калганда алып салууга болот.

Эгерде референдумду алсак, жарандар бюллетенде коюлган суроону колдогон же ага каршы үгүт жүргүзгөн топторду түзүүгө укуктуу. БШК үгүт жүргүзүүгө түзүлгөн топторду он күндүн

---

19 Форма 2 аркылуу добуш берүү дарегинин өзгөртүү мүмкүнчүлүгү 2020-жылдагы шайлоодо добуштарды сатып алуу схемасы үчүн колдонулган деп катуу сынга алынган. Бирок, ошого карабастан, мындай шарттар добуш берүүчүлөргө катталган жеринде эмес, жашаган жери боюнча добуш берүүгө өбөлгө түзгөн.

20 Октябрь айында Жогорку Сот Жапаров мырзага карата күнөөлүү деп өкүм чыгарган соттун буга чейинки чечимдерин жокко чыгарды.

21 1 евро болжол менен 101 кыргыз сомуна барабар.

22 65 талапкердин ичинен сегизи гана аял киши болгон жана алардын бирөөсү саясий партия тарабынан көрсөтүлгөн.

23 Үч талапкер соттуулугу жоюла электигине байланыштуу каттоодон четтетилсе, ал эми тогуз талапкер мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоочу сертификатты тапшырбагандыгы үчүн четтетилген. 19 талапкер өз ыктыяры менен талапкерликтен баш тартса, калган 13 жетиштүү кол тамгаларды чогулта албагандыгына байланыштуу четтетилген. Бир талапкер кол тамгаларды чогултуп тапшырганы менен, шайлоо күрөөсүн бере албагандыктан каттоодон четтетилген.

24 Катталган учурлардын биринде, кол-тамгалар коюлган баракчаны толугу менен жараксыз деп, ага себеп болуп, кагаздарды басып чыгарууда каржылык отчетунун шарттарынын бузулгандыгы айтылса, берилген кол-тамгалардын жалпы 30 106 санынан 902си жараксыз деп табылган.

ичинде каттайт жана катталган ар бир топ үгүт фонду үчүн атайын банк эсебин ачышууга тийиш.

## VIII. ҮГҮТ ӨНӨКТҮГҮ ЖАНА ҮГҮТ ИШТЕРИН КАРЖЫЛОО

Үгүт өнөктүгү расмий түрдө 15-декабрда башталып, 9-январда добуш берүүгө 24 саат калганда аяктайт. Ушул күнгө чейин бир нече үгүт иш-чаралары өтүп, негизинен жарнак такталары илинип, алардын көбүнчөсү президенттикке талапкер Жапаровко таандык болсо, ал эми калган талапкерлер ири шаарларда эл менен болгон жолугушууларды өткөрүүдө. Талапкерлер үгүт иштерин салттуу жана социалдык тармактарда, ошондой эле бетме-бет жүргүзө алышат, бирок, COVID-19 пандемиясына байланыштуу айрым чектөөлөр болушу мүмкүн. Мыйзамга ылайык, мамлекеттик кызматкерлерге, диний ишмерлерге, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө жана жана кайрымдуулук уюмдарынын негиздөөчүлөрүнө жана мүчөлөрүнө үгүт иштерине катышууга тыюу салынат.

Мамлекеттик жана жергиликтүү администрациялар талапкерлерге үгүт иштерин жүргүзүүдө, дебаттарды же эл менен болгон жолугушууларды өткөрүүдө көмөк көрсөтүп, коопсуздукту жана дискриминациясыз негизде жолугушуу аянтарын камсыз кылууга милдеттүү. Талапкерлерге, ошондой эле алардын жакын туугандарына шайлоо дайындалган учурдан тартып, анын жыйынтыктары жарыяланганга чейин кайрымдуулук иштерин жүргүзүүгө тыюу салынат. АШКлар бул регламенттерди көзөмөлдөөгө жана аткарууга тийиштүү.

Президенттикке талапкерлер атайын банк эсебин ачышы шарт, себеби шайлоого байланыштуу болгон бардык чыгымдар атайын ачылган эсеп аркылуу сарпталышы керек. Келип түшкөн каражаттар талапкерлердин же донорлордун эсебинен ачылып, толукталышы керек, ошол эле учурда чет элдик жарандардан жана уюмдардан, мамлекеттик ишканалардан же диний уюмдардан келип түшкөн акча каражаттарына тыюу салынат. Түздөн-түз мамлекеттик каржылоо каралган эмес. Үгүт иштерин каржылоону көзөмөлдөө БШКга жүктөлөт жана кирешелер жана чыгашалар тууралуу банктардан алынган маалыматтар БШКнын сайтында жарыяланат. 19-декабрга карата алынган маалыматка ылайык, президенттике талапкер Садыр Жапаровдун атайын эсебине 47 миллион сомдон ашык (болжол менен 470 000 евро), ал эми талапкер Бабыржан Тольбаевдин эсебине 9 миллион сомдон ашык (болжол менен 90 000 евро) акча каражаттары келип түшкөн. Эки талапкерден башка ар бир талапкердин эсебине бир миллиондон беш миллион сомго чейин акча каражаттары келип түшкөн (10 000-50 000 евро).[25]

## IX. ЖАЛПЫГА МААЛЫМДОО КАРАЖАТТАРЫ

Чакан жарнама рыногундагы жандуу медиа чөйрөсү COVID-19 пандемиясынын кесепетинен улам ого бетер азайган. Телекөрсөтүүлөр маалыматтын негизги булагы бойдон калууда, андан кийинки орунда онлайн басма-сөз жана социалдык тармактар турат. КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясы *(КТРК)* маалыматты эң көп чагылдырылган жана көрүүчүлөрү көп санда болгон корпорация. КТРКнын башкы директору 2020-жылы октябрында өткөн шайлоодон кийинки наразычылык митинг учурунда кызматтан кетип, бирок кийинчерээк өз чечимин жокко чыгарууга аракет кылуу менен, учурда кызмат ордун калыбына келтирүү үчүн *КТРКны* сотко берип жатат. Андан тышкары, Ош шаарында жайгашкан *ЭлТР* телеканалынын директору октябрь айынын ортосунда ошол кездеги премьер-министрдин милдетин аткаруучу Садыр Жапаров тарабынан кызматынан бошотулган. Жаңы директордун дайындалышы

---

[25] Ар бир талапкердин үгүт иштерине сарпталуучу каражаттын суммасы 200 миллион сомдон ашык болбоосу керек .

*ЭлТРдин* кызматкерлеринин иш таштоосуна алып келип, 30-октябрда башка директордун дайындалышы менен аяктады.

Конституцияда өзүнчө пикирге ээ болууга жана сөз жана басма сөз эркиндигине кепилдик берилет. Инсандын ар-намысына шек келтирген маалыматты жайылткандыгы үчүн кылмыштык куугунтуктоо 2011-жылы декриминалдаштырылганына карабастан, тиешелүү учурларда келтирилген моралдык зыяндын ордун толуктоого каралган суммага эч кандай чектөөлөр жок болгондугу, бул ДИАУБ ШЧБМдин көпчүлүк маектештеринин айтымында, тергөөгө жана критикалык отчеттуулукка таасирин тийгизиши мүмкүн.[26]Маектешүүчүлөр акыркы мезгилде саясий нааразычылык акцияларына чыккан журналисттерге карата күч органдары тарабынан физикалык жана оозеки түрдө кол салуулардын көбөйүшүнө, ошондой эле тиешелүү органдар тарабынан кылдат иликтөөлөрдүн жоктугуна байланыштуу тынчсызданууусун билдиришти.

Шайлоо жөнүндө мыйзамы ЖМКлардан маалыматты калыс чагылдырууну жана атаандаштарга бирдей мамиле кылууну талап кылат. Шайлоого байланыштуу иш-чараларды жана үгүт иштерин чагылдыруу, ошондой эле саясий жарнамалар үчүн орундукту сатууга уруксат берүү үчүн телерадио, басма сөз жана онлайн маалымат каражаттары БШКдан аккредитациядан өтүп, саясий жарнак үчүн прейскуранттарды сунушташы керек.[27] Шайлоо мыйзамдары бузулган учурда мындай аккредитация жокко чыгарылып калышы мүмкүн деп жазылат мыйзамда.

Шайлоо алдындагы агитациянын аныктамасы мыйзамда анык эмес көрсөтүлгөн жана ага ылайык, саясий жарнама катары кабыл алынып, үгүт иштеринин редакциялык чагылдырылышынын көлөмүн чектейт. Ушул жобону эске алуу менен, бир катар телерадиокомпаниялар жаңылыктарды акы төлөнүүчү саясий жарнама катары чагылдыруу же ток-шоуларга жана маектерге катышуу сыяктуу редакциялык материалдарды сунуштап калышкан. Ошондой эле, мыйзамга ылайык акы төлөнүүчү медиа жарнамаларда президенттикке талапкерлердин эч кимисине каршы үгүттөөгө тыюу салынат. Редакциялык макаланы терс мааниде чагылдырууга уруксат берилет, бирок атаандаштарга жооп кайтаруу укугу дагы берилиши керек. Алдыда өтө турган референдумдун үгүт иштерине катышуучу демилгелүү топтор үчүн кызыкдар ЖМКлар убакытты сатууга бааларын 21-декабрга чейин аныктап БШКга бериши керек.

Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, КР Президенттинин кызмат ордуна талапкерлердин ар бирине акысыз убакыт бөлүнүп берилсе, ал эми референдумду үгүттөөгө акысыз убакыт расмий катталган демилгечи топторго гана берилет. 14-декабрь күнү БШК КР Президенттинин кызмат ордуна талапкерлер үчүн акысыз убакытты бөлүп берсе, ал эми отчеттук мезгилде референдумду үгүттөө үчүн демилгечи топтор катталбагандыктан, акысыз убакытты бөлүп берүү иш-чарасы орун алган жок.

---

[26] 2019-жылдын ноябрь айында коррупция иштери боюнча иликтөөнүн жыйынтыгы жарыялангандан кийин, Азаттыктын *“Азаттык”* радиосу, *“Клооп”* жана иликтөө ишине жоопкерчиликтүү болгон журналистке жалаа жабуу боюнча сот иштери козголгон. Тиешелүү түрдө 22,5 миллион, 12,5 миллион жана 10 миллион сом айып пул салынып, ЕККУнун ММК эркиндиги боюнча өкүлү тарабынан доо талаптарынын өлчөмү пропорцияналдуу эмес деп табылган. Мындан тышкары, 2020-жылы *Азия Ньюс* гезитине каршы жалаа жабуу боюнча эки иш 300 000 жана 50 000 сом айып пул салуу менен аяктады

[27] Онлайн медиа болуп Кыргызстандагы административдик же жеке менчик ээлери бар жана күнүнө кеминде 500 уникалдуу колдонуучуну же айына кеминде 1000 уникалдуу колдонуучуну өзүнө тартып турган, жаңыланып туруучу, эркин жеткиликтүү вебсайттар саналат. Интернеттеги блогдор жана социалдык тармактардагы жеке баракчалар онлайн медиа катары эсептелбейт.

16-декабрдан тартып, ДИАУБ ШЧБМ прайм-тайм убактысындагы берүүлөрдү көзөмөлдөө үчүн алты телеканалга жана үч онлайн-басылмага саясий жана шайлоого байланыштуу жаңылыктарга сандык жана сапаттык мониторинг жүргүзүп баштады.[28]

## X. ДАТТАНУУЛАР ЖАНА АРЫЗДАР

Шайлоого байланыштуу арыздарды жана даттанууларды добуш берүүчүлөр, саясий партиялар, талапкерлер, алардын ишенимдүү адамдары, жарандык коом уюмдары жана байкоочулар бере алышат. Шайлоо комиссияларынын чечимдерине, аракеттерине жана аракетсиздигине карата жогору турган комиссияларга, ал эми БШКнын чечимдерине биринчи Бишкек шаарынын Административдик сотуна, ал эми Административдик соттун чечимдерине Жогорку сотко даттанууга болот.[29] Ошондой эле даттанууларды прокуратура жана ички иштер органдарына берүүгө болот.

БШК арыздарды жана даттанууларды карап чыгуу жана аларды чечүү жолдору боюнча кеңеш пикир берүү үчүн комиссия мүчөлөрүнөн жана кызматкерлеринен турган жумушчу топ түздү. Мындан сырткары, БШК арыздарды жана даттанууларды кабыл алуу үчүн онлайн реестр түзүп, 20-декабрга карата 20га жакын арыздаркелип түштү.[30] 15-декабрга чейин келип түшкөн арыздардын көпчүлүгү талапкерлер тарабынан үгүт иштерин мөөнөтүнөн мурда баштагандыгына байланыштуу болсо, үгүт иштери расмий башталган маалдан тартып административдик ресурстарды кыянаттык менен пайдалануу жөнүндө арыздар келип түшкөн.. БШК ДИАУБ ШЧБМге эки талапкерге айып пул салгандыгын жана бир нече иш кошумча иликтөө үчүн укук коргоо органдарына жөнөткөндүгүн маалымдады.[31] Бул арыздар боюнча чечимдер БШКнын сайтына өз убагында жарыяланган эмес.[32] Айрым арыздар талапкерлерди көрсөтүү жана каттоого байланыштуу болуп, талапкер Жапаровдун президенттик шайлоого катышуу укугун талашкан арыз БШК тарабынан четке кагылган.[33]

Бул убакытка чейин, БШК кабыл алган чечимдердин үчөөсүнүн үстүнөн арыздар болуп, алардын бардыгы ийгиликсиз аяктады: БШКнын президенттик шайлоону белгилөө боюнча чечимине каршы чыккан бир арызы Административдик Сот тарабынан четке кагылып, ал чечимди Жогорку Сот дагы күчүндө калтырды. Ошондой эле Жогорку Сот шайлоо фондунан акча төлөнгөн жок деген негиз менен талапкердин кол-тамга топтоо баракчаларын жараксыз деп табуу жөнүндөгү БШКнын чечимин акыркы инстанцияда күчүндө калтырды. Жапаров мырзанын каттоосун талашкан арыз, Административдик сот тарабынан четке кагылды.

---

28 Телеканалдар (*5- канал*, *7-канал*, *ЭлТР, КТРК*, *НТС жана Пирамида*) жана үч онлайн-басылмалар (24.kg, *kaktus.media* and *Kloop.kg*). ДИАУБ ШЧБМ шайлоого байланыштуу маңыздагы чыгарылыштарды онлайн басылмалар жана социалдык баракчалар аркылуу көзөмөлдөйт.

29 Шайлоо комиссияларына жана сотторго келип түшкөн арыздар жана даттануулар, анын ичинде шайлоонун жыйынтыктары боюнча арыздар, үч күндүн ичинде жөнөтүлүп, дагы үч күн ичинде каралып чыгып же кошумча тергөө талап кылынса, беш күндүн ичинде каралышы керек; ал эми шайлоого байланышкан арыздар жана даттануулар прокуратура жана ички иштер кызматкы тарабынан эки күндун ичинде чечим чыгарылышы керек. Жогорку Сотко жиберилген арыздар жана даттануулар боюнча беш күндун ичинде соттук угуулар өткөрүлүшү керек.

30 «Демократия жана жарандык коом үчүн коалиция» бейөкмөт уюму БШКга жөнөткөн айрым даттануулары эч качан реестрге катталган эмес жана таанылган эмес деп билдирди.

31 Талапкер Ташовго мөөнөтүнөн мурда үгүт жүргүзгөндүгү үчүн жана талапкер Калмаматовго үгүт иштерин жүргүзүүдө терс маанидеги сындаган сөздөрдү айткандыгы үчүн айып пул салынды.

32 БШКнын сессиясынын күн тартибине ылайык, кеминде жети арыз боюнча БШК тарабынан 4-декабрда чечими чыккан; бирок, 14-декабрга карата бул чечимдердин көпчүлүгү расмий вебсайтка жайгаштырылган жок. Айрым арызданууучулар БШКнын чечимдеринин көчүрмөлөрүн алышпагандыгын билдиришти.

33 Арыз ээлери президенттин милдетин аткаруучунун кызматтан кетүүсү боюнча жол-жоболор Конституцияда каралган эместиги Жапаров мырзанын шайлоого катышуусуна суроо жаратты.

## XI. КООМДУК ЖАНА ЭЛ АРАЛЫК БАЙКООЧУЛАР

Шайлоо жөнүндө мыйзамга ылайык, шайлоо процессинин бардык этаптарына байкоо жүргүзүүгөболот. Талапкерлер, өкмөттүк эмес жана эл аралык уюмдар шайлоого байкоочуларды дайындай алат. Мыйзамга ылайык мамлекеттик кызматкерлерге, депутаттарга, шайлоо комиссияларынын мүчөлөрүнө, сотторго, прокурорлорго жана укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнө , , байкоочу катары катышууга тыюу салынат. Ар бир талапкер, бир участкалык шайлоо комиссиясынын курамына экиден ашык эмес байкоочуну дайындай алса, ал эми жарандык коом уюмдары ар бир участкалык шайлоо комиссиясында байкоо жүргүзүү үчүн үчтөн ашык эмес коомдук байкоочуну каттоодон өткөрө алат. Бир убакытта талапкердин же өкмөттүк эмес уюмдун бирден гана байкоочусу бир шайлоо участкасынын ичинде боло алат. 18-декабрга алынган маалыматка караганда, жарандык коом өкүлдөрүнөн алты коомдук байкоочулардын тобу БШК тарабынан каттоодон өттү.

## XII. ДИАУБ ШЧБМ АТКАРГАН ИШ-ЧАРАЛАР

ДИАУБ ШЧБМдин миссиясы 9-декабрда Бишкек шаарында өткөн пресс-конференцияда расмий түрдө ачык деп жарыяланды. Шайлоо процессине катыштыгы бар кызыкдар тараптар менен борбордук жана аймактык деңгээлде иш алып баруу мамилелери түзүлдү. ДИАУБ ШЧБМ Тышкы иштер министрлигинин, БШКнын, Мамлекеттик каттоо кызматынын жана дипломатиялык коомчулуктун өкүлдөрү менен жолугушууларды өткөрдү. Бүгүнкү күнгө карата, ДИАУБ ШЧБМ БШК, шайлоо процесстерине катыштыгы бар мамлекеттик институттар, талапкерлердин штабтары, саясий партиялар, жарандык коом жана ЖМКлар менен туруктуу байланыш түзүп келет. ЕККУнун Парламенттик Ассамблеясы шайлоо күнүнө байкоо жүргүзүү үчүн өздөрүнүн байкоочу делегациясын жөнөтүүгө ниети бар экендигин билдиришти. ЕККУнун учурдагы төрагасы ЕККУнун бул шайлоого байкоо жүргүзүү үчүн түзүлгөн кыска мөөнөттүү байкоочуларынын атайын координатору кылып Питер Юэль- Йенсенди дайындады.

***Англис тилиндеги түп нускасы бирден-бир расмий документ болуп эсептелинет.***
***Бул отчетту кыргыз жана орус тилдеринде окууга болот.***